**Жумушту кантип туура издөө керек?**

Жогорку окуу жайларынын  иш издеген бүтүүчүдөрү үчүн

**Биз аларды тандайбыз,**
**Бизди алар тандашат.**



# НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕР

***Иш издөөнүн алдында өзүңүздү жакшылап билгенге аракеттениңиз.***

Иш издөө процессинин башында баштапкы кырдаалды түшүнүү өтө маанилүү.

**Суроолорго жооп бериңиз:**

**•Мен эмнени каалайм?**

- өзүңүз иштей ала турган милдеттерди жана тармактарды аныктаңыз, ошол эле учурда бош иш орундары тууралуу кулактандыруулардагы талаптарга көңүл буруңуз.

**•Мен эмне иш жасаганды билем?**

- өзүңүздүн кесиптик компетенцияларыңызды жана жөндөмүңүздү талдоодон өткөрүңүз.

**•Мен кайсыл тармакка туура келем, ылайыктуумун?**

- өзүңүздүн кесиптик компетенцияларыңызды жана жөндөмүңүздү талдоодон өткөрүңүз.

# Жумуш издөөдө ийгиликке жеткирүүчү негизги эрежелер

- Кылдаттап, бышыктап издөө;
- Жеке демилге жана ийкемдүүлүк;
- Тез багытталуу;
- Иш берүүчү жана тармак боюнча маалымат алуу:



## Жумуш издөө үчүн Сиздин карамагыңыздагы баардык маалымат ресурстарын пайдаланыңыз.

- Гезиттер: мисалы, Ош шаары үчүн «Ош-Парк», Бишкек шаары «Работа», «Вечерный Бишкек» гезиттери;


ОШ-ПАРК
РЕКПАРК
КООМДУК КАРНАМАЛЫК ГЕЗИТИ
№37 (719)
13 сентября 2019 г.
20 СОМ
КРЕДИТЫ БЕЗ ЗАЛОГА
НАСЫЯЛАР КЕПИЛДИКСИЗ
до 100 000 сом
Процентная ставка- от 24%
Натыйжалуу пайыздык төлөм - 24% жогору
Ош шаары, Масалиев пр. 32
Тел.: (0770) 27-27-97, (0773) 51-85-65
БАКАЙБАНК
МЫ ОТКРЫЛИСЬ:
Рос Ломбард
Ваш финансовый помощник...
АВТО / ЗОЛОТО / ТЕХНИКА



- **Интернет ресурстар;**

www.oshsu.kg → **Бүтүрүүчүлөргө → Карьера борбору → <u>Бош жумуш орундары</u>**
(Выпускникам → Центр карьеры → Вакансии для выпускников)

www.mkk.gov.kg

www.job.kg

JOB.KG
Поиск работы №1 в Бишкеке и Кыргызстане RU | KG

www.employment.kg

employment.kg
для успешной карьеры

www.headhunter.kg


hh kg
HeadHunter

www.diesel.elcat.kg

Diesel Forum

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ

## www.oshsu.kg



# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ

**www.oshsu.kg**


**www.oshsu.kg → Бүтүрүүчүлөргө → Карьера борбору → Бош жумуш орундары (Выпускникам → Центр карьеры → Вакансии для выпускников**



**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ**

Instagram

# Ohsmu.rabota



**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ**

Instagram

# Ohsmu.rabota

OSHMU.RABOTA

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ**

# Бош жумуш орундарынын жарманкелери






КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги

Ош шаардык мэриясы

Ош мамлекеттик университети

Бириккен Улуттар Уюму

Бизнес Ассоциация ЖИА
«ИЙГИЛИКТҮҮ ИШКЕР - ӨНҮККӨН ӨЛКӨ»

JOB.KG

InStream

SOM

MEGACOM

Beeline

ЮКЦ
ЗАО Южно-Кыргызский цемент


Алайку

Барбол

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ

# Жумуш издөө учурунда туура, түз ниетте болуу маанилуу

- Жумуш издөөдө биринчи жолу аракеттенгенде эле ийгиликке жете коюу өтө сейрек учурайт!
- Жумуш издөөгө жумшалган убакытты натыйжалуу пайдалангыла жана максатынарга жетүүдө тырышчаак болгула.
- Өтүнүчүңөр кабыл алынбаса ыза болбогула, кетирген каталарынарды кайталабаганга аракеттенгиле.
- Аткарган ишинерге жана өз күчүңөргө ишенгиле. Ошондо алдыга койгон максатынарга толук жетесинер.



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ

# Бош кызмат ордуна документтерди тапшыруу

- Сиз тапшырган документтерге карата Иш берүүчүдө Сиз жөнүндө алгачкы ой-пикирлерди жаратат.
- Сабатсыз, ката жазылган, бурчтары бүктөлгөн же так түшкөн иш кагаздары Сиз жөнүндө жакшы сунуштама болуп бербейт!
- Документтер таза,тыкан болуусу керек.
- Кеңеш: кыска-нуска жазгыла!



# Документтердин толук топтомун төмөнкүлөр түзөт

- Таржымал (Резюме)
- Коштомо кат
- Буга чейин иштеген жерлеринен сунуштама каттар тастыктамалар.

# Мазмундуу критерийлер

| Таржымал | Коштомо кат |
| --- | --- |
| ❑ өзүнүздүн билим деңгээлинизди жана мансап баскычтарыңызды эске түшүрүңүз | ❑ Төмөнкү суроолорго жооп издеңиз:<br>❑ Эмне үчүн бул кызмат ордуна документтерди тапшырып жатасыз?<br>❑Сиз эмне сунуштай аласыз?<br>❑Эмне үчүн сөзсүз Сизди жумушка алыш керек? |
| ❑Коштомо каттагы далилдер үчүн негиздемелер таржымалда тастыкталышы керек. | ❑өмүр баяндын кайталап жазылган түрү болбош керек!<br>❑Кыска, так, далилдүү жана түшүнүктүү түзүлүшү керек! |

# Аңгемелешүүгө даярдык

**Аңгемелешүү учурунда <u>көп маселелер такталат, ачыкталат,</u> иш берүүчү талапкер менен таанышат,талапкер ишканан тууралуу алгачкы ой-пикирин түзөт. Аңгемелешүүнүн башкы максаты: кызмат ордуна шайкеш келген талапкерди табуу. Аңгемелешүүдө чындыкты сүйлөңүз, өзүңүздү демейдегидей кармап, мыкты жактарыңызды көрсөтө билиңиз. Аңгемелешүүгө чакырылганыңызга кубануу керек, андагы мүмкүнчүлүк көрө билүү өтө маанилүү. Сиз утушка гана ээ болушуңуз ыктымал.**

## Аңгемелешүүгө даярдануу - туура ынандыруу.

# Мүмкүн болуучу суроолор

- **Өзүнүз жөнүндө айтып беринизчи? Буга чейин кайда иштедиңиз эле?**
- **Эмнеге биз сизди тандап алышыбыз керек? Сиздин күчтүү, чабал жактарыңыз кайсы.**
- **Жетишкен ийгиликтериңиз жөнүндө айтып бериңизчи?**
- **Өзүңүздү 5 жылдан кийин кайда элестетесиз?**
- **Өзүңүздү иш ыкмаңызды кайда деп баяндап бере аласыз?**
- **Эмне үчүн жумушуңузду алмаштырдыңыз?**
- **Кандай күтүүлөрүңүз бар?**
- **Бизге суроолоруңуз барбы?**

# Аңгемселешүүдөгү дене-бой тили

- Биз дайыма эле эмнени ойлоп турсак, ошону айта бербейбиз. Бирок дене -бой тилибиз биздин сезимдерибизди билдирип коет. Биз унчукпай турсак да, дене-боюбуз “сүйлөгөнүн” уланта берет.

Адистер бөлүмүнүн кызматкерлерине аңгемелешүү учурунда жакпаган жагдайлар:

- **Көзүн ала качуу (көз менен байланыштуу мүмкүндүгү жоктугу) (67%)**
- **Жылмаюу жоктугу (38%)**
- **Ойдолоп отуруу (33%)**
- **Жүүнү бош, ылдыпаган келбети (33%)**
- **Кош көңүл кол кысышуу (26%)**
- **Колдорун кайчылаштыруу абалы (21%)**
- **Чачы менен ойноо же бети-башын ушалай бериши (21%)**
- **Колдорун шилтей берүү (9%)**

# Аңгемелешүүгө кийим тандоо таризи

- Кимде-ким аңгемелешүүгө туура эмес кийинип барса, ал "аттанганда эле ээрге кыйшык отурду" дегендей абалда болот. Бул кийими менен ал ошол уюмга, ишканага шайкеш эмес экенин көрсөтөт.
- Аңгемелешүүгө киийм тандоодо бирдиктүү дресс-код жок, антсе да бирин-экин негизги эрежелерди кармануу зарыл:
- Кийген кийимиңиз тыкан, таза жана Сиз иштей турган тармакка ылайыктуу болсун. Ким шалакы, тыкан эмес кийинсе, ой жүгүртүүсү да, ошондой деген пикир бар.
- Өтө экстраваганттуу кийинбеңиз! Аңгемелешүүдө дайыма Сиз бул командага төп келесизби же ыңгайлаша аласызбы деген маселе коюлат. Туура тандап кийген кийимиңиз менен Сиз аңгемелешүүгө даярдык көргөнүңүздү жана иш берүүчү кандай талап коерун билериңизди билдиресиз.

- Бул эрежелерди сактасаңыз, аңгемелешүү ийгиликтүү өтөт!

# Аңгемелешүү

Адистер бөлүмүнүн жетекчиси тапшырган документтериңизден улам Сиз тууралуу көптү билет. Эми аны Сиздин инсандык сапаттарыңыз кызыктырат.

**Кеңештер:**

•**Сизге берилген суроолорго көнүл бурунуз**.

Суроолорго  кыска, бирок бир беткей эмес жооп бериңиз.

•**Берилүүсү мүмкүн болгон суроолорго мурунтан даярдык көрүңүз.**

Импровизация албетте жакшы, бирок ал-кесипкөйлөрдүн энчиси. Сиз ишти жаңы баштап жаткан соң, Сиз кандай суроолор берилиши мүмкүн экенин ойлонуп көрүңүз жана ага даярданып коюңуз.

•**Оппонентериңизди дене-бой тилин байкап отуруңуз.** Ал көзүн ала качып, улам бир абалга которулуп, эч нерсе жазбай калдыбы? Бул белгилер Сиз менен аңгемелешүү ага кызыксыз болуп жатканынан кабар берет.

•Аңгемелешүү аяктаганга чейин көңүл ор темага топтонңуз! Сиз аңгемелешүүгө **чын-дилиңиз менен берилген жана позитивдүү инсан катары көрүнүшүңүз керек**.

**Болбойт:**

•Саатыңызга карай бергенге

•Уюлдук телефонуңузду иштетүүгө

•Маңызсыз сүйлөөгө

•Текеберленүүгө

# Аңгемелешүүдө берилүүчү суроолор

# Уюм мекеме тууралуу суроолор

1. **Биздин ишкана –уюм жөнүндө эмне билесиз?**

**Суроонун артында эмне турат:**

Иш берүүчү сиздин ишкана-уюм тууралуу маалыматыңыз жана ал жерде кандай жетишкендиктерге ээ болоруңуз жөнүндө элестөөңүз бар деген пикирге негизделет.

Бул суроо-Сиздин берилген кызмат ордуна кызыкдар экениңизди текшере турган биринчи мүмкүнчүлүк болуп саналат. Берген жообуңуз менен Сиз ишканада иштөөгө чындап ниет койгонуңузду көргөзөсүз.

**Ишкана тууралуу берилүүчү башка типтүү суроолор:**

-Бул аңгемелешүүгө Сиз кандай даярдык менен келдиңиз?

-Биздин тармак тууралуу эмнелерди билесиз?

-Сиз биздин кайсы өндүрүмдү айрыкча ийгиликтүү деп эсептейсиз?

-Биздин атаандаштарыбыз кимдер экендигин билесизби?

# Талапкердин жекече жагдайлары

**2.Сиз эмне себептен бул адистикти окуп үйрөндүңүз?**

***Бул суроонун артында эмне турат:***

Иш берүүчү Сиздин окууңуз мерчемделгенин (пландалганын) же кокусунан болгонун түшүнгүсү келет?

*Эмнеликтен бул адистикти тандап алганыңызга негиздеме бериңиз.*

**3. Сиз эмне себептен жумуш алмаштырууну каалайсыз?**

**Бул суроонун артында эмне турат:**

Иш берүүчү Сиздин турмуштук мерчемдериңиз (Пландарыныз) бар экененин билгиси келет.Жаны кызмат орду аркылуу Сиз берилген позиция үчүн конкреттүү, маанилүү милдеттер чөйрөсүндө өнүгүү мүмкүндүгүн пайдалангыңыз келерин түшүндүрүңүз.

# Талапкердин жекече жагдайлары

**Эмне себептен Сиздин окуңуз мынча узакка созулган?**

Бул суроонун артында эмне турат:

Сизди адаштырууга жол бербеңиз.Иш берүүчү Сиз ыңгайсыз суроолорго кандай мамиле кыларыңызды көргүсү келет.

Эгер окууңуз узак мөөнөттүү болушунун себептери болсо ( коомдук ишмердүүлүк, ооруп калуу, чет өлкөгө кетүү, үй-бүлөлүк жагдай) алар тууралуу майда-чүйдөлөбөй, актанып отурбай жайынча жооп бериңиз.

**Турмуштук кырдаалдар боюнча башка типтүү суроолор:**

-Сиздин кесиптик жашооңузга кайсы нерсе баарынан күчтүү таасир берди?

-Кайсы нерсе Сизге көбүрөөк пайдасын тийгизди?

-өндүрүштүк тажырыйбадан өттүңүз беле?

-Буга чейин кайсы кесиптик ишмердүүлүк менен алектенгенсиз?

-Сиз эмнени башкача жасайт элеңиз?

# Жеке компетенцияларын баалоо

**5.Эмнеликтен биз Сизди тандап алышыбыз керек?**

***Бул суроонун артында эмне турат:***

Иш берүүчү Сиз өзүңүзгө кандай баа берериңиди жана баарыдан мурун Сиз өзүңүздү кандай элестетериңизди билгиси келет. Бул суроого жооп берүүдө күчтүү жактарыңыз жумуш берүүчүнүн талабына шайкеш келгидей кылып баяндаңыз.

**6. өзүңүздүн күчтүү жана чабал жактарыңыз кайсылар деп эсептейсиз**?

***Бул суроонун артында эмне турат:***

Бул жерде да Иш берүүчү Сиздин өзүңүзгө кандай баа берүү жөндөмүңүздү билгиси текшергиси келет.Сиз чабал жактарыңызга басым койбостон, аларга тиешелүү күчтүү жактарыңызды каршы коюңуз.

**7. өзүңүздүн келечегиңизди 5 жылдан кийин кандай элестетесиз?**

*Бул суроонун артында эмне турат:*

Сиз кандай адамсыз? Иш берүүчү Сиздин жекече көз карашыңыз, максатты көрө билүү жөндөмүңүз бар экенин жана ал ишкананын кызыкчылыктары менен шайкеш келерин билгиси келет. Айрыкча жетекчи кызматтарга узак мөөнөттүү мерчемдөө (пландоо)бар экенин көрсөтүшүнүз керек.

**Өзүн-өзү баалоо боюнча башка типтүү суроолор:**

-Сиз менен тааныш эмес адамга өзүңүздү кандай сүрөттөп берер элеңиз?

-өзүңүздүн кайсы сапаттарыңызды өзгөрткүңүз келет?

# Жумушка болгон мамиле жетишкендиктерге даяр болуу

Бул кызмат ордуна талапкер болууга Сизге эмне түрткү берди?

Бул суроонун артында эмне турат:

Мында умтулуу, шыктануу жөнүндө кеп болот. Иш берүүчү Сиз бул ишканага иштөөгө чындап кызыкдарсызбы, бул иш Сиз кыялданып жүргөн жумушпу же мындай чечим кабыл алууга муктаж экендигиңизди түшүнгүсү келет. Уюм жөнүндө айтып бериңиз, анын артыкчылыктарын, ал гана эмес Сиз катышкыңыз келген долбоорлор тууралуу баса белгилеңиз.

**Ишке мамиле жана жетишкендиктерге даяр болуу боюнча башка типтүү суроолор:**

-Сизди кантип шыктандырууга болот?

-Сиз өзүңүздүн иштөө ыкмаңызды кандай баяндап бере аласыз?

-Бул жылы кандай ийгиликтерге жетишкиңиз келет?

Кайсы кырдаалдарда өз чечимиңизди жетекчилик менен макулдашасыз, ал эми кайсы учурларда өз алдынча чечим кабыл аласыз?

-Кесиптештериңизге жасаган мамилеңизди кантип баяндап берет элеңиз?

# Башка суроолор

**9. Кандай өлчөмдө айлык акы алгыңыз келет?**

Бул суроонун артында эмне турат:

Иш берүүчү Сиздин нар-бааңызды билгиси келет. Сиз бул тармакта кандай айлык акы төлөнөрүн алдын ала билип алганыңыз жана кошумча тапшырмаларды кошкондо сүйлөшүп, макулдашып алуучу аралык чекти атоонуз жөндүү.

**10. Жумушка качан кирише аласыз?**

Бул суроонун артында эмне турат?

Иш берүүчү Сиз ишке орношууну аягына чейин дыкат ойлонгонуңузду, жумуштан бошонуу шарттары, эмгек мамилелерин макулдашкан мөнөттөрдөн мурун бузуу мүмкүнчүлүгү менен таанышканыңызды текшергиси келет.

**Башка типтүү суроолор:**

-Иш убактыңыздан эмнени күтөсүз?

-Узак мөөнөттүү келечекте кесиптик жактан кандай өнүгүүнү каалайсыз?

# Иш берүүчүгө Сиз бере турган болжолдуу суроолор

1. Ишке киришүү баскычы кандай болот? Кайсы бөлүмдөр менен таанышам?
2. Менин жетекчим, кесиптештерим, кызматкерлерим кимдер болот?
3. Мен иштешүүгө туура келген тышкы кызмат көрсөтүү адистери болобу?
4. Иш ордум менен таанышсам болобу?
5. Мансап баскычы боюнча кандай өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү бар?
6. Дасыгын жогорулатуу маселелеринде колдоо көрсөтүү кандай таризде болот?

SCAN ME

SCAN ME

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ

как успешно пройти любое собеседование


ФИЛЬТРЫ




**Как Успешно Пройти Любое Собеседование**

Искусство харизмы · 250 тыс. просмотров • 1 год назад

Видео "Как влиять на эмоции, мысли и поведение человека без манипуляций": http://www.my-mentalism.com/xarizma ...




**10 ВОПРОСОВ НА СОБЕСЕДОВАНИИ И КАК НА НИХ ОТВЕЧАТЬ**

Ellina Daily · 430 тыс. просмотров • 1 год назад

Мой вебинар о поиске работы и карьере (в т.ч. в Европе) – http://bit.ly/2ZXPXCA Эта онлайн-лекция подходит тем, кто ...




**Как проходить собеседование?**

Владимир Владимиров • 609 тыс. просмотров • 8 лет назад

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ПРАКТИКА ЖАНА КАРЬЕРА БОРБОРУ







# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН ЫРАХМАТ!